# Улуу Кытай сепили



Автор: Асель Жакыпбекова
Сүрөтчү: Элнур Исаков
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Улуу Кытай сепили

Автор: Асель Жакыпбекова
Сүрөтчү: Элнур Исаков
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021


Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул иштти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*"Великая Китайская стена"*, Copyright © 2021, Русский: Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/), за исключением случаев указанных ниже. түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Улуу Кытай сепили" (кыргыз тилинде), автор Асель Жакыпбекова, сүрөтчү Элнур Исаков, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





Бул менин Кытайдагы Пекин шаарында түшкөн сүрөтүм. Мен ал шаарда эки жыл мурда болгом. Ошол күндөрдүн биринде биз чогулуп, Улуу Кытай сепилин көргөнү барганбыз.

Мейманканадан Улуу Кытай сепилине чейин бир сааттан ашык убакыт жүрдүк. Автобустан түшүп, беш кабат үйдөй чоң таш дарбазаны көрдүк. Анын жанында адамдар кибиреп эле көрүнүп калат экен. Таш дарбазанын үстүндө ийилген кызыл чатырлуу кооз үй бар экен.

Биздин жаныбызга орто бойлуу жаш жигит басып келип:

– Мен гид болом. Улуу Кытай сепили тууралуу билгендеримди айтып берем, силерди дайым коштоп жүрөм, – деди кыргызча.

– Сиздин атыңыз ким? – деп сурадым.

– Менин атым Фей Лонг, жөн эле Фей деп койсоңор да болот, – деди.



– Сиздин атыңыз кандай которулат? – деп Мария сурады.

– "Учуучу ажыдаар", – деп биздин гид жылмайып койду.

– Мага сиздин атыңыз жакты. Сизди Фей Лонг деп эле атайын, – деди Маша.

– Мен абдан ыраазымын, рахмат, – деди Фей Лонг.

– Кытай эли ажыдаарды абдан жакшы көрөт. Ошондуктан бизде эркек балдарга ажыдаар менен байланышкан ысымдар көп коюлат.

– Ал эми менин атым "Бекем болсун" деген тилек менен коюлган, – деди Бекболот.

– Сизге ата-энеңиз жакшы ат койгон турбайбы! – деп Фей Лонг да суктанып койду.

Биз дарбазадан кирип, кууш таш тепкич менен сепилге чыга баштадык.



– Улуу Кытай сепили эки миң жыл мурун император Ши Хуанди бийлик жӱргӱзӱп турган учурда курула баштаган. Дубалды миллиондогон адамдар тургузушкан.

– Ушундай оор курулуштун эмне кажети бар эле? – деп сурады балдардын бири.

– Дубал Кытайды кӧчмӧн уруулардын тынымсыз кол салууларынан коргоо ӱчӱн курулган.

– Ооба, биздин "Манас" эпосубузда Манас атабыздын Бээжинге Чоң казат жасаганы жӧнӱндӧ айтылат, – деди Нурбек. – Силерге кол салган кӧчмӧн эл монголдордун эки миң жыл мурун жашаган ата-бабалары болушу да мӱмкӱн.





– Улуу сепилдин узундугу 21 миң километрден ашык болуп, Кытайдын бүтүндөй аймагын камтып турат. Бул жер үстүндө адам курган эң ири курулуштардын бири, – деди Фей Лонг.

– Мен мурда эң чоң курулушту Хеопстун пирамидасы экен деп ойлочумун, – деп Нурбек таң калды.

– Стоунхенджтин мегалиттери мындан чоң эмеспи? Бул чоң таштарды атайын техникасы жок эле адамдар кантип көтөрүшкөн? – деп сурады Мээрим.

Биз талашып-тартышып кеттик.

– Улуу дубал эки миң жылдын аралыгында курулган! Ал дүйнөдөгү эң узун курулуш болуп эсептелет. Элестетип көрсөңөр, дубалдын узундугу экватордун дээрлик жарымына барабар, – деди Нурбек.

– Ал эми Стоунхендж – эң байыркы курулуш. Ал төрт миң жылдан ашуун мезгил мурун тургузулган, – деп жооп берди Мээрим.




Сепилдин үстүнө чыгып, дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнөн келген туристтерди көрдүк. Мен французча, англисче жана испанча сөздөрдү уктум. Бул жерден дубалдын бийик тепкичтери менен өйдө чуркап чыгып бараткан спортчуларды да көрдүм.

– Балдар, адашып кетпегиле. Кокус бизди таппай калсаңар, биринчи күзөт мунарасында күтүп тургула, – деди Фей Лонг.

– Азыр бул жерде канча адам бар? – деп сурады Нурболот.

– Улуу сепилге күнүнө 60 миңдей, жылына болжол менен 10 миллион турист келет, – деп жооп берди Фей Лонг.





Биз басып бараткан дубалдын бөлүгү түздүктөн жогору карай тоолор тарапка бурулду. Үч кабат үйдүн тегиз чатырында бир катарда алты же жети адамдын бир убакта басып бараткан элестетип көрсөңөр.

Жолдун эки тарабы тең ок атууга ылайыктуу көзөнөктөрү бар таш дубал менен корголгон экен. Алардын ичинен жаачылар кол салган душмандарды атып турушкан. Дубалда ар эки жүз метр сайын кичинекей таш мунаралар бар.

– Эки жүз метр – жебе учуп өткөн аралык, – деди Нурбек.

– Нурбек, мен сени профессор деп атайын! – деп Фей Лонг кол чаап жиберди. Нурбек ага ийилип, таазим кылып койду.




– А бул үйлөр эмне үчүн керек? – деп Чолпон алдыдагы анча чоң эмес таш мунараны көргөздү.

– Бул мунараларда дубалды кайтарган байыркы аскерлер жааган кардан же жамгырдан корголошкон. Ушул жерден өзөк жалгап, от жагып жылынышкан.

Эгерде душман кол салса, белги берүүчү отторду жагышкан. Оттордун жагылганын көргөндө, дубалдын башка жеринде жайгашкан аскерлер тезинен жетип келишчү. Таш мунаранын жертөлөсүндө аскерлер куралдарын жана азыктарын сакташкан, – деп түшүндүрдү Фей Лонг.

Биз биринчи мунарага жеттик. Ичине кирсек, эч нерсе жок экен. Бирок дубалдары кара көө болуп калыптыр. Мен бул жерде мындан жүздөгөн жылдар илгери аскерлердин ызгаардуу шамалдан корголоп, чай ичип отурушканын элестеттим.





Дубалдан басып өтүү оңой эмес – баскычтары отуз сантиметрдей бийик экен. Үч-төрт күзөт мунарасына чейинки аралыкты басып өтүү үчүн адам күчтүү жана чыйрак болушу керек.

Кытайдын бардык мектептеринде балдар спорт менен машыгышат. Айрыкча чыгыштын кунг-фу таймаш өнөрүнө кызыгышат. Ошол себептен го, Кытайдан келген мектеп окуучулары дөбөнүн башындагы бешинчи мунарага тез эле жетишти.

А биз болсо, Бекболоттон башкабыз, чарчап калдык. Бекболот өспүрүмдөр арасында ушу боюнча Азия чемпиону, ал эч чаалыккан жок.



Тоонун чокусундагы бешинчи мунарага жеткенде, биз ажайып көрүнүштү туш келдик. Биздин көз алдыбызда тоолор, ийне жалбырактуу кызыл карагай, оң жана сол жагыбыздан ийри-буйру согулган дубал созулуп жатты.

Тээ ылдый жактан биз кирген дарбазаны көрүүгө болот. Көз алдыда жайылып жаткан өрөөндү экиге бөлүп, унаа жолу жана темир жолу жанаша турган экен. Дубал мага ушунчалык укмуштуудай болуп сезилди. Мен аны бекеринен "Улуу" деп атабаганын ошондо билдим.



– Бул жолдор Кытайдын түндүгү менен түштүгүн бириктирип турат. Дубалды тоонун кырына салуу үчүн канчалаган токойлорду кыйып, оор таштарды жогору чыгарышканын элестетип көргүлө.

– Фей Лонг, эгерде түз эле дубал менен кете берсе, кайсы жерге чейин жетсе болот? – деп сурады Маша.

– Чыгыштагы Хэбэй провинциясынын Циньхуандао аймагына караштуу Бейдайхе уездинин жанындагы деңиздин жээгине жетебиз.

Эс алган соң, дубалдын аркы тарабына бардык. Ал жерден чатырлары ийилген бир нече үйдү көрдүк. Сувенир жана суусундук сатылган дүкөндөр бар экен.

Улуу дубалдын үстүнөн аптапта сейилдеп, аябай суусадык. Баарыбыз суусундук сатып алдык.

– Бул жерде байыркы заманда аскерлер, соодагерлер, дыйкандар жана кол өнөрчүлөр жашаган чакан шаарча болгон. Мындай шаарчаларга Европа, Борбордук Азиядан жана кайра бул жактан тиякка товар ташыган кербендер токтоп өтчү, – деди Фей Лонг.





– Улуу Кытай дубалынын дарбазасын кайтарган аскерлер душмандан коргонуу үчүн эле турган эмес. Алар Кытайдын шаарларынан келген кербендерди токтотушуп, товарлардын арасынан соодагерлер жибек курт куурчакчаларын алып кетпегенин текшеришчү.

Ошол доорлордо жибек кездемелерди кантип жасаганды кытайлыктар гана билишчү. Жибек кездемелеринин баасы абдан кымбат болгон. Жибек курт куурчакчаларын алып кетүүгө аракет кылган адамдардын баары өлүм жазасына тартылчу, – деп түшүндүрдү биздин коштоочубуз.

– Жибектин сыры жөнүндө тасма тартсаңыз болот экен, – деди Маша.

– Жакшы ой экен, Маша! – деп Фей Лунг жооп кайтарды.





– Фей Лонг, ал кездерде Бээжинден азыркы Бишкек турган жерге канча күндө жетсе болот эле? – деп сурады Мээрим.

– Айтуу кыйын. Жол бийик тоолорду, дарыяларды, чөлдөрдү аралап өткөн. Байыркы убактарда адамдар төө минип, бир канча айда миң чакырымга чейинки жолдорду арбытышкан.

Ал кезде сапар тартуу да өтө кооптуу болгон. Жолдо саякатчыларга каракчылар кол салып, тоноп кеткен учурлары көп болгон. Ошондуктан Кытайдан Борбордук Азияга товар ташыган кербендерди аскерлер коштоп жүргөн менен жөнөтүлгөн. Кербендер ондогон төөлөр, соодагерлер, алардын кызматчылары менен кайтаруучу аскерлерден турган.

– Азыр учак менен учканыбыз жакшы экен да. Бир нече саат учуп эле, каалаган жериңе тез жана коопсуз жетип аласың, – деди Маша.

– Ооба, Маша, мен дагы ушул доордо жашап жатканыбызга кубанычтамын. Анткени менен, Фей Лонг бизге Улуу Кытай сепилинин тарыхы жөнүндө көптөгөн кызыктуу окуяларды айтып берди, – деп Бекболот ыраазы болду.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Асель Жакыпбекова
Сүрөтчү: Элнур Исаков
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Сүрөттөр төмөнкү сайттардан алынган:
в www.freepik.com, www.stutterstock.com, www.flickr.com, ru.wikipedia.org, www.pixabay.com, www.pexels.com

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли